# Асман тобу - Кайрылуу

*с. Жылдызбек Турсунбаев*
*о. Рамис Алиев*

Сүйсөм кеттиң карабастан,
Сезимимди баалабастан.
Баштабаймын кайра баштан,
Кайра баштан.

Кечир мени сүйүүм, эми сага барбаймын,
Колумдагы гүлдү башка жанга арнаймын.
Канча жолу чындап, унуттум, эстебейм десем да,
Кыйналып санаалардан өзүмдү алдаймын.

***КАЙЫРМА:***
*Сүйсөм кеттиң карабастан,*
*Сезимимди аябастан.*
*Баштабаймын кайра баштан,*
*Кайра баштан.*

Каректери күйүп, көздөрү жайнаган,
Канчалаган кыздарга курчалып айланам.
Кайгысы жок жашап, жыргалда жүрөмүн деймин да,
Кантейин айласыздан бир сага байланам.

***КАЙЫРМА:***
***Сүйсөм кеттиң карабастан,***
***Сезимимди аябастан.***
***Баштабаймын кайра баштан,***
***Кайра баштан.***

*Тагдырыма аралашкан,*
*Татынасың айдан ашкан,*
*Тандайм сени кайра баштан.*

*Кадырымды баалабастан,*
*Кетсең дагы карабастан,*
*Кел баштайлы кайра баштан.*